| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАЕТОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз VII сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**11-июль 2025-жыл** **№7/4** **Баетов айылы**

**Баетов айыл аймагынын айыл тургундары ичкен таза сууну башка максаттарга пайдалануудагы тарифин бекитүү жөнүндө.**

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин кезексиз VII -сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1. Баетов айыл аймагынын айыл тургундары ичкен таза сууну башка максаттарга пайдалануудагы тарифи төмөндөгүдөй бекитилсин.**

-Таза сууну курулуш иштерине коммерциялык багытта пайдаланса 1 айга 1000 (миң сом).

-Пескоблок, евро забор чыгаргандарга 1 айга 1000 (миң сом).

-Унаа жуучу жайга 1 айга 1000 (беш жүз) сом.

-Мончо жаккандарга төрт орундукка чейин 500 сом, төрт орундуктан он орундукка чейин 1000 сом, он орундуктан жогору 2000 сом.

Эксковатор коммерциялык багытта 1 куб жер казса 180 ден – 200 сомго чейин, саатына 4000 сом, погрузчик саатына 4000 сом кызмат акы.

Арендага берилген МТЗ-80 тракторуна бир сезонго сеялкага 30000 сом, пресстөөгө 130000 сом.

Курулуш жүргүзүп жаткан жеке ишкерлер полигонго өздөрү ташып таштанды төксө 1 м3 таштандыга 538,50 сом, жашоочулар өздөрү полигонго таштанды төксө 1 м3 таштандыга 21,10 сом.

**2.** Токтомду аткарууга алуу “Баетов таза аймак” муниципалдык ишканасына тапшырылсын.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Баетов айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**Төраганын орун басары:** **И. Жакшылык уулу**

Жиберилди: Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына